| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|---|
| МАНАС ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ | | МАНАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ |

**« 20 » - ноябрь 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезексиз XIX сессия**

| ТОКТОМ | №1 | ПОСТАНОВЛЕНИЕ |
|---|---|---|

**Манас шаарынын муниципалдык менчигиндеги жер тилкелерди мөөнөтсүз пайдаланууга өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” мыйзамына ылайык, Манас шаарынын мэриясынын 17.11.2025-жылдагы чыг.№01-18/7196 сандуу жана 17.11.2025-жылдагы чыг.№01-18/7356 сандуу каттарды, Манас шаардык депутаттар кеңешинин 18.11.2025-жылдагы курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралып, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезексиз XIX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаардык депутаттар кеңешинин X чакырылышынын 29.05.2025-жылдагы кезексиз IX сессиясынын №7 токтому жокко чыгарылсын.
2. Манас шаарынын Б.Эркинбаев көчөсүнүн №6 дарегинде жайгашкан (идентификациялык коду 3-10-02-0005-1695) 3969,50 чарчы метр муниципалдык жер тилкени Мамлекеттик салык кызматынын Жалал-Абад облусунун Манас шаары боюнча башкармалыгына жаңы административдик имарат куруу үчүн мөөнөтсүз пайдаланууга өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
3. Манас шаарынын Ю.Абдрахманов көчөсүнүн №6 дарегинде жайгашкан (идентификациялык коду 3-10-01-0017-1563) 71273,0 чарчы метр муниципалдык жер тилкесинен 1770,0 чарчы метр жер бөлүгүн Жалал-Абад регионалдык шаар куруу жана архитектура башкармалыгына кызматтык имаратын куруу үчүн мөөнөтсүз пайдаланууга өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

4. Манас шаардык депутаттар кеңешинин Х чакырылышынын 07.07.2025-жылдагы кезексиз Х сессиясынын №10 токтомунун 2-пункту жокко чыгарылсын.

5. Манас шаарынын Ынтымак айылынын Б.Аттокуров көчөсүнүн №66 дарегинде жайгашкан (идентификациялык коду 3-10-10-1007-0038) 42700,0 чарчы метр муниципалдык жер тилкесинен 3200,0 чарчы метр бөлүгүн Манас шаардык ички иштер бөлүмүнүн Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо бөлүмчөсүнүн кызматтык имаратын курууга, 25000,0 чарчы метр бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттигинин Жалал-Абад аймактык бөлүмүнө жана "Калкты жана жарандык абалдын актыларын каттоо департаментинин аймактар аралык 04-04 бөлүмүнө жаңы административдик имарат курууга мөөнөтсүз пайдаланууга өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

6. Манас шаарынын мэрине (Э.Ормоков), Манас шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын башчысына (Ж.Бөрүкулов) жерлерди өткөрүп берүүдө Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын сактоо менен иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.

7. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.

8. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

9. Ушул токтом Манас шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**